


**Курултай: куру сөзгө орун жок**

(3-бетте)

Жээнбек КУЛУБАЕВ:

**“Кыргызстандын демилгелери дүйнө коомчулугунда колдоо табууда”**



(4-5-беттерде)

**Көйгөйгө салган көчө аттары**




(7-бетте)

Жалпы улуттук гезит

# Кыргыз Туусу

1924-жылы 7-ноябрда негизделген. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин басылмасы № 80 (24950) 2025-жылдын 24-октябры

# Ааламда Ак илбирс күнү белгиленди

## Президент Садыр Жапаровдун Ак илбирстин эл аралык күнүнө карата куттуктоосу:



**“Урматтуу мекендештер!**

**Кыргызстандын дүйнө жүзүндөгү достору!**

Бүгүн эл аралык коомчулук алгачкы жолу расмий түрдө Ак илбирстин эл аралык күнүн белгилеп жатат. Бул демилге дал ушул кыргыз жергесинен, биздин элибиздин чын жүрөгүнөн чыгып, бүтүндөй дүйнө жүзүнө тараганы мен үчүн өзгөчө сыймык!

Бир жыл мурда тагдыры улуу тоолор жана ошол улуу тоолордо байыр алган улук жаныбар менен ажырагыс байланышта жашап келе жаткан элибиз маанилүү сунуш менен чыккан элек. Ага дүйнө жүзү кулак төшөдү! Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Ак илбирстин эл аралык күнүн белгилөө боюнча резолюциясынын бир добуштан кабыл алынышы дипломатиялык ийгилик гана эмес, табият мурастарын сактоонун алдында чек аралардын мааниси жоголуп, адамзат бир муштумдай биримдигин көрсөтө алгандыгынын айкын далили болуп калды.

Кыргызстан менен ак илбирсти айрып кароого мүмкүн эмес. Ак илбирс – ак кар баскан тоолорубуздун жаны, көк мелжиген чокуларыбыздын сакчысы, эзелтен туу тутуп келаткан эркиндигибиз менен чыдамкайлыгыбыздын жандуу символу. Ал дагы элибиз сыяктуу ак мөңгүлүү тоолоруна берилген, эң кыйын кезеңдерде дагы өз жерин таштап кетпейт. Биз, улуу тоонун уул-кыздары асман тиреген бийик чокулардан эркиндикти, эгемендикти жана майтарылбас эркти үйрөндүк.

Тээ байыртадан бери ата-бабаларыбыз ак илбирс сыяктуу өз баалуулуктарын сактап, кылымдардан кылымдарды карытты. Эгемендикти сүйгөн деми, бекем эрки, чыдамкайлыгы менен катаал шарттардан майышпай чыгып, ар кандай тарыхый сыноолорду жеңип келишти. Мындай даңктуу элдин урпагы катары биз ушул касиеттүү жаныбар сымал күчүбүздү башка элдерди багынтуу үчүн эмес, өз Мекенибизди, наркыбызды, салтыбызды жана үй-бүлөбүздү коргоо үчүн топтойбуз. Мындан ары да түпкү тамырыбызга, өзөгүбүзгө берилген бойдон калабыз, андан ары өнүгүп-өсөбүз.

(Уландысы 2-бетте)



«Кыргыз Туусу» гезитине чыккан макалалар, күндөлүк жаңылыктар, видеолор, жарнамалык материалдар менен «kyrgyztuusu.kg» сайтынан жана тармактарынан таанышa аласыздар.